(Taslak)

# ТҮРК КЕҢЕШИ ТҮРК УНИВЕРСИТЕТТЕР БИРИМДИГИ

# СТУДЕНТТИК КЕҢЕШ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

### Максаты, мазмуну, таянычы жана аныктамалары

**Максаты**

**1-берене** – (1) Бул жобонун максаты Түрк Кеңеши Түрк университеттер биримдигине мүчө болгон университеттерге тиешелүү студеттердин ортосунда билим берүү, спорт жана маданият тармактарында кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча Студенттик Кеңешти түзүү жана бул кеңештин түзүлүш, милдет, ыйгарым укуктары жана иштөө негиздерин иштеп чыгуу болуп саналат.

**Мазмуну**

**2-берене** – (1) Бул жобо Түрк Кеңеши Түрк университеттер биримдигинин мүчө университеттеринин студенттерин өкүлдүк кылуу ыйгарумдуулугу менен түзүлө турган Түрк Кеңеши Түрк университеттер биримдигинин Студенттик Кеңешинин түзүлүш, милдет, ыйгарым укуктары жана иштөө негиздерин тиешелүү чечимдерди камтыйт.

**Таяныч**

**3-берене** – (1) Бул жобо 2013-жылдын 22-ноябрында Эскишехирде Түрк Кеңешинин Билим берүү министрлеринин чогулушунда кол коюлган «Чечим»ге негиз болгон «Түрк Кеңеши Түрк университеттер биримдиги жана Жогорку билим тармагын түзүү жобосу»нун 6-беренесинин 11 жана 12-пунктуларына ылайык түзүлгөн.

**Аныктамалар**

**4-берене** – (1) Бул жободо көрсөтүлгөн аталыштар төмөнкүдөй чечмеленет.

А) Биримдик - Түрк Кеңеши алкагында түзүлгөн Түрк университеттер биримдиги,

Б) Студенттик Кеңеш - Биримдикке мүчө болгон университеттерден бирден студент тандалып, түзүлгөн кеңеш,

В) Катчылык - Түрк Кеңешинин Катчылыгы,

Г) Түрк Кеңеши - Түрк тилдүү мамлекеттер ортосундагы кызматташтык кеңеши.

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

### Өкүл шайлоо, кеңештин милдет жана иштөө негиздери

**Студенттердин өкүлүн шайлоого тиешелүү жалпы негиздер**

**5-берене** – (1) Биримдикке мүчө болгон мамлекеттерде Студенттик Кеңештин мүчөлөрүн аныктоо жана органды түзүү үчүн өткөрүлө турган шайлоо Катчылык жана Учурдагы Төрага университет тарабынан түзүлө турган календарь, мөөнөт жана программалар эске алынып, Биримдиктин мүчө университеттери тарабынан жүзөгө ашырылат.

**Студенттер өкүлү талапкеринин сапаттары**

**6-берене** - (1) Студенттик Кеңешке шайлана турган өкүл талапкерлер магистрант же аспирант болуп, мамлекетин таанытуу жана өкүлчүлүк жөндөмдүүлүгүнө ээ болуулары зарыл.

**Студенттик Кеңештин милдеттери**

**7-берене** – (1) Мүчө мамлекеттердин жогорку окуу жайларынын ортосунда кызматташтыкты өнүктүрүү алкагында Студенттик Кеңештин милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

А) Мүчө университеттердин студенттери ортосунда кызматташтык түзүү,

Б) Мүчө мамлекеттер ортосунда студенттик мобилдүүлүк программаларын таанытуу жана катышуу иш-чараларына салым кошуу,

В) Мүчө мамлекеттер ортосундагы маданий жана тарыхый байланыштарды эске алуу менен бирге академиялык тармакта керектүү иштерди жүргүзүү үчүн долбоорлорду даярдоо жана аларды ишке ашыруу.

**Кеңештин иштөө негиздери**

**8-берене** – (1) Мүчө мамлекеттер Студенттик Кеңешинде өздөрүнүн өкүлдөрүн шайлоого байланыштуу эреже жана иш-чараларын, бул жободо орун алган чечимдерге каршы келбөө шарты менен, өзүнө тиешелүү мыйзамдык чечимдерине ылайык аныкташат.

(2) Студенттик Кеңештин иштөө ыкмасы жана негиздери төмөнкүдөй.

А) Студенттик Кеңештин төрагасы учурдагы төрага университеттин өкүлү болуп саналат.

Б) Студенттик Кеңештин төрагасы өзүнүн төрагалык милдетин университетинин төрагалык мөөнөтү аяктаганга чейин аткарат.

В) Студенттик Кеңеш бир жылдын ичинде кеминде бир жолу учурдагы төрага университет белгилеген күнү белгилеген жерде чогулат.

# ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

## Түрдүү жана акыркы чечимдер

### Студенттик Кеңештин чыгымдарын каржылоо

**9-берене** – (1) Студенттик Кеңешке шайланган студенттердин бул жобонун принциптерине ылайык мамлекеттин ичиндеги же мамлекеттен сырткаркы иш сапарлары тиешелүү жогорку окуу жай тарабынан аныкталат жана аталган иш-чарага байланыштуу бардык чыгашалар тиешелүү окуу жай тарабынан каржыланат.

### Студенттик Кеңештин иштерин координациялоо жана ишке ашыруу

**10-берене** – (1) Студенттик Кеңештин иш-чаралары тийиштүү ЖОЖдор менен макулдашылып, зарыл болгон учурда тийиштүү мекеме жана уюмдардын макулдугу алынуу шарты менен Катчылык тарабынан жүзөгө ашырылат.

### Күтүлбөгөн жагдай

**11-берене** – (1) Бул жобонун ишке ашырулуусунда күтүлбөгөн жагдайлар учурунда Биримдиктин Башкаруу кеңешини чечимдери жүзөгө ашырылат.

### Жобо даярдалган тилдер

**12-берене** – (1) Бул жобо азербайжан, казак, кыргыз, түрк жана англис тилинде даярдалды.

### Күчүнө кирүү

**13-берене** – (1) Бул жобонун чечимдери Биримдиктин Башкаруу кеңеши тарабынан бекитилип, Түрк Кеңешинин Министрлер чогулушунда кабыл алынгандан тартып күчүнө кирет.

### Аткаруу

**14-берене** – (1) Бул жобонун чечимдери Студенттик Кеңеш жана Катчылыктын кызматташтыгы менен жүзөгө ашырылат.